**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Гао Жын Вэйдин кызыкчылыгын көздөгөн Руслан Кенешевич Джолдошовдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 442-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча

# Ч Е Ч И М И

2026-жылдын 28-январы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы К.Маамыталы кызынын;

кайрылуучу тарап – Гао Жын Вэйдин кызыкчылыгын көздөгөн Руслан Кенешевич Джолдошовдун;

жоопкер тарап – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Самат Кыштообекович Ысырановдун;

үчүнчү жактар – Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык

сотундагы туруктуу өкүлү Алмазбек Тавалдыевич Молдобаевдин, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун ишеним кат боюнча өкүлү Маргарита Насаркановна Сапиянованын, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын ишеним кат боюнча өкүлү Айзат Улукбековна Улукбекованын, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Аязбек Доолосбекович Джаркынбаевдин, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлү Илгиз Камилжанович Аскаровдун, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин ишеним кат боюнча өкүлдөрү Улукбек Тургангазыевич Ашымалиевдин, Медер Русланович Туменбаевдин катышуусунда,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүн, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 17, 40, 45-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 442-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти ачык сот отурумунда карап чыкты.

Бул ишти кароого Гао Жын Вэйдин кызыкчылыгын көздөгөн Руслан Кенешевич Джолдошовдун кайрылуусу жана талашылып жаткан ченемдин Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келеби деген маселеде табылган аныксыздык себеп жана негиз болду.

Ишти соттук отурумга даярдаган судья-баяндамачы Ж.А. Шаршеналиевдин маалыматын угуп жана иштин материалдарын изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту,

Т А П Т Ы:

2025-жылдын 22-июлунда Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Р.К. Джолдошовдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (мындан ары – КЖПК) 442-беренеси Кыргыз

Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө дал келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылуудан жана ага тиркелген материалдардан көрүнүп тургандай, “B.L.S” (БЛС) курулуш компаниясы” жоопкерчилиги чектелген коомунун уставдык капиталына үлүшкө болгон укуктун жана коомго таандык мүлктүн тегерегиндеги талаш алгач жарандык-укуктук мамилелер жагында келип чыккан. 2016-жылдан баштап жалпы юрисдикциядагы соттор тарабынан аталган мүлктүк талаш-тартышка байланыштуу жарандык иштер каралып, анын жыйынтыгы боюнча тиешелүү сот актылары кабыл алынган.

Уланган талаш-тартыш шартында, 2018-жылдын май айында Башкы прокуратура тарабынан “БЛС” ЖЧКсынын уставдык капиталындагы 100 пайыз үлүшүн жана аталган коомдун мүлкүн, анын ичинде “Даймонд Сити” турак жай комплексин мыйзамсыз ээлеп алуу фактысы боюнча кылмыш иши козголгон. Бул кылмыш ишинин алкагында “БЛС” ЖЧКсынын жетекчиси Гао Жын Вэй жабырлануучу деп табылган.

Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2021-жылдын 12-ноябрындагы өкүмү менен В.Р.М. жана К.К.И. “БЛС” ЖЧКсынын уставдык капиталынын 100 пайызына мыйзамсыз ээлик кылуу жана “Даймонд Сити” турак жай комплексин басып алуу боюнча күнөөлүү деп табылган. 2022-жылдын 11-апрелинде Бишкек шаардык сотунун кылмыш иштери жана жоруктар жөнүндөгү иштер боюнча соттук коллегиясы аталган өкүмдү өзгөртүүсүз калтырган.

Арыз ээсинин тастыктоосу боюнча, жарандык сот өндүрүшүндө жабырлануучунун мүлктүк укуктарын коргоо маселесин кароодо, мыйзамдуу күчүнө кирген айыптоо өкүмүндө камтылган тыянактар аталган мүлктүк чыр-чатактын жагдайларын соттор тарабынан баалоонун негизин түзгөн. Мындай кароонун жыйынтыгы боюнча сот актысы кабыл алынып, аны менен арыз ээси билдиргендей, жабырлануучу тараптын мүлктүк укуктары калыбына келтирилген жана  бекитилген.

Арыз ээсинин позициясы боюнча, жарандык сот өндүрүшүндө

жетишилген натыйжа кылмыш ишинин алкагында аныкталган тыянактар менен байланыштуу болгондуктан, андан кийинки соттолгон В.Р.М.нын кылмыш иши боюнча кабыл алынган сот актыларына Жогорку сотко кассациялык даттануу менен кайрылуусун арыз ээси бул талаштын жарандык-укуктук кесепеттеринин туруктуулугуна шек келтире турган жагдай катары карайт. Берилген материалдарга ылайык, мындай кассациялык даттануу өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин үч жылдан ашык убакыт өткөндөн кийин берилген.

Арыз ээсинин пикири боюнча, мындай кассациялык даттанууну кыйла убакыт өткөндөн кийин берүү мүмкүнчүлүгү КЖПКнын 442-беренесинин мазмуну менен шартталган, ал соттолгондун, акталгандын же иши кыскартылган адамдын абалын начарлатууга алып келген негиздер боюнча гана кассациялык кайра кароонун бир жылдык мөөнөтүн белгилейт. Ошол эле учурда, арыз ээси белгилегендей, КЖПКда соттук актыны кайра карап чыгуу соттолгон адамдын абалын начарлатпаган учурларда кассациялык даттануу берүү үчүн жалпы мөөнөт каралган эмес.

Ушуга байланыштуу, арыз ээси талашылып жаткан жөнгө салуу соттук коргоо укугун ишке ашырууда жабырлануучуну жана соттолгонду бирдей эмес процессуалдык абалга коёт деп эсептейт: жабырлануучу соттук актыларды соттолгондун абалын начарлатууга алып келүүчү негиздер боюнча даттануу үчүн бир жылдык мөөнөт менен чектелет, ал эми соттолгон адам болсо кандайдыр бир мөөнөткө чектелбестен өкүмдү өзүнүн пайдасына кассациялык кайра кароону демилгелөөгө укуктуу. Мындай мыйзамдык конструкция тараптардын процессуалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн тең салмактуулугун бузуп, Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгүндө кепилденген жабырлануучунун укуктарын толук корголушуна тоскоолдук кылат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2025-жылдын 16-сентябрындагы аныктамасы менен Гао Жын Вейдин кызыкчылыгын көздөгөн Р.К.Джолдошовдун өтүнүчү өндүрүшкө

кабыл алынган.

Жоопкер-тараптын атынан иш алып барган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү С.К. Ысыранов арыз ээсинин жүйөөлөрүнө макул эмес жана талашылып жаткан ченем Конституцияга карама-каршы келбейт деп эсептейт.

С.К. Ысыранов өзүнүн позициясын негиздөөдө Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгү менен кепилденген соттук коргоого укук мыйзамда белгиленген формаларда жана чектерде ишке ашырыларын, ошого байланыштуу мыйзам чыгаруучу сот актыларын кассациялык тартипте кайра кароонун процессуалдык шарттарын жана мөөнөттөрүн аныктоого укуктуу экендигин белгиледи. Мындай ыкма Конституциянын 24-беренесинин 2-бөлүгүндө бекитилген мыйзам жана сот алдында бирдейлик принцибине да, ошондой эле Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттан келип чыгуучу, адилет соттук териштирүүнүн жана соттун чечимин кайра кароо укугунун эл аралык стандарттарына да шайкеш келет.

Анын пикири боюнча КЖПКнын 442-беренеси укуктук аныктыкты, сот чечимдеринин өзгөрүлбөстүгүн жана соттолгон, акталган же иши кыскартылган адамдын абалынын туруктуулугун камсыз кылууга багытталган. Көрсөтүлгөн адамдардын абалын начарлатуучу негиздер боюнча сот актыларын кайра кароо үчүн бир жылдык мөөнөттүн белгилениши сот актысы мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин алардын укуктук абалынын мөөнөтсүз начарлашынын мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат.

Ошол эле учурда, соттолгондун абалынын начарлашына алып келбеген негиздер боюнча кассациялык даттануу берүү үчүн жалпы мөөнөттүн жоктугун, жоопкер-тараптын өкүлү, укуктук жөнгө салуудагы боштук катары карабайт. Анын пикири боюнча, мындай жөнгө салуу соттук каталарды оңдоо мүмкүнчүлүгүн сактоо жана кылмыштык куугунтукка дуушар болгон адамга кошумча кепилдиктерди берүү зарылчылыгы менен шартталган.

С.К. Ысыранов, ошондой эле соттолгон жана жабырлануучу ар кандай процессуалдык абалда болгондуктан, мыйзам чыгаруучу тиешелүү укуктардын мүнөзүн эске алуу менен процессуалдык кепилдиктердин ар кандай көлөмүн белгилөөгө укуктуу экендигин белгиледи. Мындан тышкары, КЖПКнын 442-беренесинде каралган чектөө, жабырлануучунун даттанууларына гана эмес, эгерде тиешелүү адамдын абалынын начарлоосуна алып келсе, бардык кассациялык даттанууларга жана көрсөтмөлөргө да жайылтылат.

Ушунун негизинде С.К. Ысыранов, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 442-беренеси Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деген тыянакка келген.

Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү А.Т. Молдобаев жалпысынан жоопкер-тараптын позициясын колдоп, жабырлануучунун укуктары соттук коргоодон ажыратылбай тургандыгын, анткени аларды кылмыш ишинде гана эмес, жарандык сот өндүрүшүндө да коргоого болорун кошумча белгиледи. Мында айыптоочу өкүмдү жокко чыгаруунун өзү эле жарандык иштер боюнча чечимдерди автоматтык түрдө жокко чыгарууга алып келбейт, аларды кайра кароого мыйзамда каралган негиздер жана белгиленген жол-жоболор сакталган учурда гана жол берилет.

Баяндалгандарга байланыштуу А.Т. Молдобаев талашылып жаткан ченем Конституцияга карама-каршы келбейт деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын өкүлү А.У. Улукбекова жабырлануучунун сот актысына соттолгондун абалынын начарлашына алып келген негиздер боюнча даттануу укугу абсолюттук эмес экендигин жана соттолгондун укуктук абалынын туруктуулугун камсыз кылуу максатында процессуалдык мөөнөт менен чектелиши мүмкүн экендигин белгиледи. Анын пикири боюнча талашылып жаткан ченем жабырлануучуну жана прокурорду даттануу укугунан ажыратпайт, бирок

соттук актыны кайра кароо соттолгондун абалынын начарлоосуна алып келиши мүмкүн болгон учурларда аны ишке ашыруунун убактылуу чектерин белгилейт.

Муну менен бирге, А.У. Улукбекова сот актысын соттолгондун пайдасына кайра кароо мүмкүнчүлүгүн сактоонун, анын ичинде жосундун кылмыш-укуктук кесепеттерин жумшартуучу мыйзам өткөн мезгилге карата колдонулбай тургандыгы жөнүндө кылмыш-жаза мыйзамдарынын жоболорун эске алуу менен  сактоонун зарылдыгын белгиледи.

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин өкүлү да арыз ээсинин жүйөлөрү менен макул эмес жана ал КЖПКнын 442-беренеси ушул Кодекстин 441-беренеси менен өз ара байланышта каралышы керектигин белгиледи. Анын пикири боюнча аталган ченемдер мыйзамды олуттуу бузууларды жоюуга жана соттук катаны оңдоо менен соттук актылардын өзгөрүлбөстүгү принцибинин ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылууга багытталган соттук текшерүүнүн өзгөчө механизми катары кассациялык өндүрүштүн моделин түзөт.

Ал, ошондой эле укуктук аныктык соттук көзөмөлдүн механизмдеринин болушун гана эмес, мыйзамдуу күчүнө кирген соттук актылардын укуктук кесепеттеринин туруктуулугун да болжойт деп белгиледи. Ошол эле учурда соттун чечимин соттолгондун пайдасына кайра кароо мүмкүнчүлүгү соттук катадан коргоонун кошумча кепилдиги болуп кызмат кылат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин өкүлдөрү да талашылып жаткан ченемдин конституциялуулугу боюнча окшош позицияларын билдиришти.

Конституциялык сот тараптардын жүйөлөрүн талкуулап, үчүнчү жактардын түшүндүрмөлөрүн угуп, иштин материалдарын изилдеп, төмөнкү тыянакка келди.

1. “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө”

конституциялык Мыйзамдын 17-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык Конституциялык сот кайрылууда козголгон предмет боюнча анын ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөн жараткан бөлүгүнө карата гана актыларды чыгарат.

Ошентип, ушул иш боюнча Конституциялык соттун кароосунун предмети болуп төмөнкүдөй редакцияда баяндалган Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 442-беренеси саналат:

“442-берене. Кассациялык тартипте соттук чечимди кайра кароодо абалдын начарлоосуна жол берилбестик

Соттолгондун, акталгандын, иши кыскартылган адамдын абалын начарлатууга алып келүүчү негиздер боюнча апелляциялык инстанциядагы соттун өкүмүн, аныктамасын кассациялык тартипте кайра кароого алар мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып бир жылдан ашпаган мөөнөттө жол берилет.”

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси мыйзамдарда белгиленген тартипке ылайык кабыл алынган, “Эркин-Тоо” гезитинин 2021-жылдын 16-ноябрындагы № 122-133 санына жарыяланган, Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы болуп саналат.

2. Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгүндө кепилденген соттук коргоого укук, бузулган укуктарды жана эркиндиктерди калыбына келтирүүнүн негиз түзүүчү кепилдиктеринин бири болуп саналат. Конституциялык сот өз чечимдеринде соттук коргоо формалдуу эмес, тескерисинче адамга сотко кайрылуу, анын талаптарынын каралышына жетишүү жана бузулган укукту коргоо үчүн юридикалык мааниге ээ натыйжаларга алып келе турган сот актысын алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган реалдуу жана натыйжалуу мүнөзгө ээ болушу керектигин көрсөткөн (2015-жылдын 9-декабрындагы, 2018-жылдын 24-январындагы, 2022-жылдын 21-сентябрындагы, 2023-жылдын 29-ноябрындагы жана 2024-

жылдын 6-мартындагы чечимдер).

Ошону менен бирге соттук коргоонун натыйжалуулугу соттук акт чыгаруу менен гана эмес, аны текшерүүнүн мыйзамда белгиленген жол-жоболорунун болушу менен да камсыздалат. Мыйзамдуу күчүнө кирген соттун чечими туруктуулук касиетке ээ болуп, процесстин катышуучуларынын укуктук абалынын тактыгын камсыз кылышы керек. Бирок соттук актынын туруктуулугу анын чексиз кол тийбестигин билдирбейт, анткени сот адилеттиги мыйзамдуулуктун талабынан өзүнчө боло албайт.

Андыктан сот актыларын кайра кароонун процессуалдык механизмдери соттук коргоо укугунан тышкары эмес, тескерисинче, аны ишке ашыруунун формаларынын бири болуп саналат. Алардын максаты – жогору турган сот инстанциясы тарабынан сот актысын текшерүү жана олуттуу бузууларды, эгерде мындай бузуулар кабыл алынган чечимдин мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө таасир этсе, аларды четтетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу болуп саналат .

Мында мыйзамдуу күчүнө кирген сот актысын кайра кароо тараптын каалоосу боюнча эле ишти кайра кароо болуп саналбайт. Ал мыйзамда белгиленген процессуалдык тартипте, ага каралган негиздер болгондо жана мыйзам бузулгандыгын көрсөткөн жүйөлөрдү соттук текшерүү аркылуу ишке ашырылат. Кайра кароонун дал ушундай процессуалдык шарты сот актысынын туруктуулугун соттук катаны оңдоо зарылдыгы менен байланыштырууга мүмкүндүк берет.

Буга байланыштуу соттук коргоого укук сот актысынын туруктуулугун жана аны текшерүү мүмкүнчүлүгүн карама-каршы коюуну эмес, мыйзамда белгиленген тартиптин чегинде аларды макулдашууну болжолдойт. Соттук чечимдин туруктуулугу процесстин катышуучуларынын укуктук абалынын аныктыгын камсыз кылат, ал эми кайра кароо механизми олуттуу соттук ката соттук көзөмөлдөн тышкары калбай тургандыгына кепилдик болуп кызмат кылат.

3. Аталган тең салмактуулукту процессуалдык жактан камсыз кылуу ыкмалары сот өндүрүшүнүн бардык түрлөрү үчүн бирдей эмес. Алар тиешелүү процессуалдык форманын өзгөчөлүктөрү, козголгон укуктардын мүнөзү, процесстин катышуучуларынын абалы, ошондой эле сот актысын кайра кароонун багыттуулугу жана кесепеттери менен аныкталат.

Кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө бул жагдайлар жогорулатылган конституциялык-укуктук мааниге ээ болот, анткени кылмыш иши боюнча сот актысы адамдын күнөөсүн баалоо, кылмыш-жаза жоопкерчилигин колдонуу, жаза дайындоо, соттуулук менен байланыштуу, ал эми мыйзамда каралган учурларда – эркиндикти жана башка фундаменталдык укуктарды чектөө менен байланыштуу. Натыйжада, кылмыш ишиндеги соттук ката мүлктүк же башка жеке кызыкчылыктарды гана эмес, адам менен мамлекеттин өз ара мамилесинин эң сезимтал чөйрөсүндөгү инсандын укуктук абалына да таасир этиши мүмкүн.

Мында кылмыш-жаза сот өндүрүшү өзүнүн табияты боюнча ачык айыптоону ишке ашыруу менен байланышкан, анын алкагында мамлекет кылмыш ишинин жагдайларын аныктоо, тергөө жана далилдөө үчүн бийликтик, уюштуруучулук жана институционалдык мүмкүнчүлүктөргө ээ. Ал эми соттолгон адам, тескерисинче, юридикалык жардамга, иштин материалдарына, байланыш каражаттарына жана башка коргонуу мүмкүнчүлүктөрүнө жеткиликтүүлүгүнүн чектелүүсүнөн улам, өзгөчө дайындалган жазанын иш жүзүндө аткарылышы учурунда объективдүү түрдө аялуу абалда болушу мүмкүн.

Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн көрсөтүлгөн өзгөчөлүктөрү, анын ичинде мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларын кассациялык тартипте кайра кароо тартибин ченемдик аныктоодо көрүнөт. Конституциялык сот өз чечимдеринде кассациялык өндүрүш инстанциялык көзөмөл системасында маанилүү орунду ээлөө менен соттор тарабынан материалдык жана процессуалдык укук ченемдеринин колдонулушунун мыйзамдуулугун текшерүүгө багытталган жана ишти кайра кароону же бардык иш жүзүндөгү

жагдайларга жаңы баа берүүнү болжолдобойт деп көрсөткөн. Анын милдети – акыркы соттук тыянактын негиздүүлүгүнө жана мыйзамдуулугуна таасир эткен же таасир этиши мүмкүн болгон олуттуу бузууларды аныктоо жана жоюу. Ошентип, кассациялык кайра кароо мыйзамдуу күчүнө кирген актыны кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамда белгиленген чектерде жана тартипте ишке ашырылуучу соттук текшерүүнүн процессуалдык каражаты болуп саналат (2023-жылдын 1-мартындагы жана 2024-жылдын 20-мартындагы чечимдер).

Мындай жөнгө салуунун элементтеринин бири болуп кассациялык инстанциядагы сотко кайрылуунун убакыттык шарттары саналат. Аларды конституциялык-укуктук баалоо кайра кароонун ар кандай учурлары үчүн белгиленген мөөнөттөрдү формалдуу салыштыруу менен эле чектелбестен, кассациялык текшерүүнүн максатын жана сот актысын кайра кароого алып келиши мүмкүн болгон укуктук кесепеттердин мүнөзүн эске алышы керек. Бул жагынан алганда, соттолгон адамдын абалынын начарлашына алып келген сот актысын кайра кароо жана мүмкүн болгон соттук катаны жоюу максатында анын пайдасына ишке ашырылган кайра кароо өз максаты жана кесепеттери боюнча бирдей эмес. Дал ушундай айырма КЖПКнын 442-беренесинин талашылып жаткан жөнгө салуусунун негизин түзөт.

4. КЖПКнын 442-беренесине ылайык, соттолгондун, акталгандын, иши кыскартылган адамдын абалын начарлатууга алып келүүчү негиздер боюнча апелляциялык инстанциядагы соттун өкүмүн, аныктамасын кассациялык тартипте кайра кароого алар мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып бир жылдан ашпаган мөөнөттө жол берилет.

Бул жөнгө салуунун конституциялык-укуктук мааниси, мыйзам чыгаруучунун бир жылдык убакыт чегин кайрылуу субъектиси менен эмес, кассациялык кайра кароо алып келиши мүмкүн болгон кесепеттердин мүнөзү менен байланыштыргандыгында турат. Ага карата мыйзамдуу күчүнө кирген сот актысы бар адамдын абалын начарлатууга алып келиши мүмкүн болгон дал ошол кайра кароо убакыт боюнча чектөөгө жатат. Ошентип, КЖПКнын

442-беренеси кылмыш-жаза сот өндүрүшү аяктагандан кийин адам белгисиз узак убакытка чейин кылмыш-укуктук кесепеттердин күчөшү коркунучунда болгон кырдаалды болтурбоого багытталган.

Андай болбогондо, мыйзамдуу күчүнө кирген сот актысы адамдын укуктук абалынын зарыл болгон аныктыгын камсыз кылбастан, аны начарлоо жагына кайра карап чыгуу мүмкүнчүлүгү процессуалдык таасирдин туруктуу фактору катары сакталган укуктук режимдин түзүлүшүн билдирмек. Мындай учурда кайра кароо институту мыйзамдын олуттуу бузулушун оңдоо каражаты катары өзүнүн максатын жоготуп, буга чейин расмий түрдө таанылган укуктук статустун начарлашына узакка созулган коркунуч келтириши мүмкүн. Андыктан, адамдын абалын начарлаткан негиздер боюнча соттук актыларды кайра карап чыгуу үчүн убакыттык чекти белгилөө кепилдик мүнөзгө ээ жана мыйзамдуу күчүнө кирген сот чечиминин укуктук кесепеттерин алдын ала айтуу мүмкүндүгүн камсыз кылат.

Бул кепилдик кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын тең укуктуулук принцибине да шайкеш келет. Кылмыш-жаза процессиндеги теңдик процессуалдык укуктардын, милдеттердин жана аларды ишке ашыруу мөөнөттөрүнүн шарт эле дал келишин талап кылбайт. Ал процесстин катышуучуларынын иш жүзүндөгү абалын эске алуу менен процессуалдык кызыкчылыкты коргоо үчүн реалдуу жана салыштырмалуу мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууну болжолдойт. Жогоруда белгиленгендей, кылмыш куугунтугун жүзөгө ашыруучу мамлекеттин бийликтик, уюштуруучулук жана кесипкөй мүмкүнчүлүктөрү бар, ал эми соттолгон адам объективдүү түрдө чабал абалда болушу мүмкүн болгон шартта, кайра кароону убактылуу чектөө артыкчылык эмес, компенсациялык процессуалдык кепилдик болуп саналат.

Мында адамдын абалын начарлатуучу негиздер боюнча сот актысын кайра кароо үчүн бир жылдык мөөнөттү белгилөө прокурорду, жабырлануучуну жана кылмыш сот өндүрүшүнүн башка катышуучуларын сот актысын кассациялык текшерүүгө жетүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратпайт.

Тескерисинче, бул мөөнөт тиешелүү процессуалдык укукту ишке ашыруунун акылга сыярлык убакыттык чектерин белгилейт жана жол берилген бузуулар жөнүндө маселени, эгерде, мындай бузуулар сот актысын соттолгондун, акталгандын же кылмыш иши кыскартылган адамдын абалын начарлатуу жагына кайра кароону талап кылат деп эсептешсе, кассациялык инстанциянын алдына өз убагында коюуга мүмкүндүк берет. Демек, сөз сотко кайрылуу укугун жоюу жөнүндө эмес, кайра кароонун мүмкүн болгон кесепеттеринин мүнөзүн эске алуу менен аны ишке ашырууну процессуалдык тартипке келтирүү жөнүндө болуп жатат.

Соттолгондун пайдасына жүзөгө ашырылган кассациялык кайра кароонун башкача укуктук мааниге ээ. Мындай кайра кароо кылмыштык репрессияны (кылмыш-укуктук кесепеттерди) күчөтүүгө багытталган эмес жана адамдын абалын начарлатуу коркунучун жаратпайт, тескерисинче, соттун акыркы тыянагына таасир этиши мүмкүн болгон олуттуу мыйзам бузуулар жөнүндөгү жүйөлөрдү текшерүүгө кызмат кылат. Мындай бузуулар менен кабыл алынган сот актысы адамдын эркиндигине, соттуулугуна жана укуктук статусунун башка элементтерине мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин дагы таасир этиши мүмкүн болгондуктан, соттолгондун пайдасына кайра кароону демилгелөө мүмкүнчүлүгүнө карата ийкемдүү мамиле соттук катаны оңдоонун натыйжалуу механизмин камсыз кылуу зарылчылыгы менен шартталган.

Мындай шартта соттолгондун пайдасына кассациялык кайра кароо үчүн бирдей убакыттык чектөөнүн (чектин) жоктугу өзүнчө алганда соттук коргоо укугун же процесстин катышуучуларынын тең укуктуулугунун принцибин бузуу катары каралбайт. Талашылып жаткан модель кассациялык кайра кароонун ар кандай багыттуулугунан, аны жүзөгө ашыруунун бирдей эмес укуктук кесепеттеринен жана мыйзамдуу күчүнө кирген сот актысынын туруктуулугу, адамды анын абалынын начарлашынын узак мөөнөттүү коркунучунан коргоо менен сот катасын оңдоо мүмкүнчүлүгүнүн ортосундагы тең салмакты камсыз кылуу зарылдыгынан келип чыгат. Демек,

КЖПКнын 442-беренесинде бекитилген кассациялык кайра кароонун процессуалдык шарттарындагы айырма объективдүү жана конституциялык маанилүү негизге ээ.

5. Соттун өкүмүн кассациялык тартипте кайра кароо жарандык сот өндүрүшүнүн алкагында мурда кабыл алынган сот актыларына таасир этиши мүмкүн деген жүйөлөр өзүнчө алганда талашылып жаткан жөнгө салуунун конституциялык эместиги жөнүндө далилдебейт. Кылмыш иши боюнча аныкталган жагдайлар жарандык-укуктук талаштарды чечүү үчүн мааниге ээ болушу мүмкүн болгондуктан, сот өндүрүшүнүн ар кандай түрлөрүндө чыгарылган сот актыларынын өз ара байланышы болушу мүмкүн. Бирок мындай өз ара байланыш башка сот өндүрүшүндө кабыл алынган сот актыларынын автоматтык түрдө өзгөрүшүн же күчүн жоготушун билдирбейт.

Кассациялык кайрылуу соттук текшерүүнү баштоо үчүн процессуалдык каражат гана болуп саналат, бирок анын натыйжасын алдын ала аныктабайт. Соттолгон адамдын кассациялык инстанциядагы сотко кайрылууга укугунун болушу өзүнөн өзү өкүмдү жокко чыгарууга алып келбейт, мурда болгон соттук тыянактардын жаңылыш экенин таанууну билдирбейт жана жарандык иштер боюнча кабыл алынган сот актыларын кайра кароо үчүн шартсыз негизди түзбөйт.

Соттук акт мыйзамда каралган негиздер болгондо жана мыйзамдын олуттуу бузулушун көрсөткөн жүйөлөргө соттук баа берүүнүн натыйжасы боюнча гана кайра каралат. Дал ушул кассациялык инстанциядагы сот мындай бузууларга жол берилгенби, алар акыркы соттук тыянакка таасир эткенби жана соттук актыны жокко чыгаруу же өзгөртүү үчүн негиз барбы же жокпу текшерет. Тиешелүү соттук чечим кабыл алынганга чейин мыйзамдуу күчүнө кирген өкүм өзүнүн юридикалык күчүн сактайт, ал эми аны кайра кароонун мүмкүн болгон кесепеттери автоматтык түрдө келип чыгуучу катары каралышы мүмкүн эмес.

Ошондой эле өкүмдү өзгөртүүнүн же жокко чыгаруунун жарандык сот

өндүрүшүнүн алкагында кабыл алынган сот актыларына тийгизген таасири да өз алдынча эмес, мыйзамда белгиленген жол-жобо менен чечилиши керек. Жарандык соттук актылар мыйзамда каралган негиздер бар болсо, компетенттүү сот тарабынан өзгөртүлмөйүнчө же жокко чыгарылмайынча юридикалык күчүн сактайт. Андыктан, талашылып жаткан ченем жабырлануучунун соттук коргоосунун натыйжаларын жокко чыгарбайт жана анын өз укуктарын тиешелүү сот өндүрүшүндө коргоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратпайт.

Ошол эле учурда соттолгондун өкүмдү кассациялык текшерүүгө жетүү мүмкүнчүлүгүн таануу жабырлануучунун сотко кайрылуу укугун чектөө катары каралбашы керек. Башкача айтканда, жетишилген соттук натыйжаны сактоого кызыкдарлык мыйзамды олуттуу бузуулар үчүн өкүмдү кайра карап чыгуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат дегенди билдирет. Мындай мамиле соттук актынын мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө карабастан анын акыркылыгына абсолюттук мүнөз бермек, бул болсо сот адилеттигинин максатына жана соттук коргоонун конституциялык маанисине туура келбейт.

Ошентип, соттолгондун пайдасына өкүмдү кассациялык кайра кароонун процессуалдык мүмкүнчүлүгүнүн болушу мындай өкүмдүн жокко чыгарылышын алдын ала аныктай албайт жана жарандык сот өндүрүшүнүн алкагында кабыл алынган сот актыларын автоматтык түрдө кайра кароого алып келбейт. Мындай кайра кароонун мүмкүн болгон укуктук кесепеттери соттук баалоо чөйрөсүндө турат жана мыйзамда каралган процессуалдык формаларда гана ишке ашырылат. Андыктан кассациялык кайра кароонун кылмыш ишинин жарандык-укуктук кесепеттерине мүмкүн болгон таасири жөнүндөгү жүйөлөр Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгүнүн бузулгандыгын далилдебейт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынан 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, 4 жана 5-бөлүктөрүн, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 48, 49, 52 жана 53-беренелерин жетекчиликке

алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Ч Е Ч Т И:**

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 442-беренеси Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын

2. Чечим акыркы жана даттанууга жатпайт, жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

3. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймактарында аткарылууга жатат.

4. Ушул Чечим мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун расмий сайтында жана “Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысында” жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

№________